Текшерилди

~~Саб~~актын те[…] [...]лтем ыкмасында темага ылайык кыймыл аракеттерди сүрөттөп чагылдыруу.

**Дата:__________ көркөм өнөр 6-класс**

| № | Сабактын максаты | Мазмуну | Корсоткүчтөр |
|---|---|---|---|
| 1 | **Билим берүүчүлүк** | Окуучулар адамдардын тулку-боюу жана андагы негизги өзгөчөлүктөрү тууралуу билимдерге ээ болушат | Окуучулар адамдардын тулку-боюу жана андагы негизги өзгөчөлүктөрү тууралуу билимдерге ээ болушса |
| 2 | **Өнүктүрүүчүлүк** | Адамдын кыймылдарынын түрдүү абалдарын түрдүү кырдаалда чагылдырууну үйрөнүшөт | Адамдын кыймылдарынын түрдүү абалдарын түрдүү кырдаалда чагылдырууну үйрөнүшсө |
| 3 | **Тарбиялык** | Адамдын тулку-боюндагы өзгөчөлүктөрдү туура таанып, ал билимди келечекте колдоно билүүгө тарбияланат, түрдүү ыкманы колдонуп тартууну өздөштүрүшөт. | Адамдын тулку-боюндагы өзгөчөлүктөрдү туура таанып, ал билимди келечекте колдоно билүүгө тарбияланат, түрдүү ыкманы колдонуп тартууну өздөштүрүшсө |

**Сабакта төмөндөгүдөй компетенттүүлүктү калыптандырышат.**

| № | Негизги компотенттүүлүк | Күтүлүүчү натыйжа | Предметтик компетенттүүлүк | Күтүлүүчу натыйжа |
|---|---|---|---|---|
| 1 | **Маалыматтык** | балдар адамдын тулку-боюн жана андагы өзгөчөлүктөрдү билишет, эрежелерди сактап тартат, келечекте адамдын кыймылындагы ар түрдүүлүктү ажырата алат. | **Эстетикалык компетенттүүлүк** | аткарылган ишке табигый жарыктын таасири тууралуу айтып берет |
| 2 | **Социалдык коммуникативдик** | Бир шилтем ыкмасы аркылуу жаралган чыгармалардын тарыхын жана маанилерин билишет. | **Баалуулук компетенттүүлүгү** | дүйнө элдеринин көркөм маданиятынын байлыгы жана ар түрдүүлүгү тууралуу айтып берет |

Scanned by TapScanner

**...ктын жабдылышы:** Көрүнүктүү өнөр исандардын портрет жанрындагы чыгармалары.Гипстен жасалган адамдын башынын формасы.

**Сабактын тиби: Аралаш сабак**

**Сабактын жүрүшү:**

| № | Сабактын этаптары | Мугалимдердин иш-аракети | Окуучулардын иш-аракети | Баалоо |
|---|---|---|---|---|
| 1 | **Уюштуруу** | **Окуучуларды жоктоо, журнал толтуруу, классты даярдоо** | **Окуучулар сабакка керектүү материалдарды даярдашат. Дежур жок окуучуларды айтат** | **Калыптандыруучу баалоо** |
| 2 | **Өтүлгөн теманы суроо** | Мугалим өтүлгөн теманын тапшырмасын текшерет () | | **Жеке баалоо** |
| 3 | **Жаңы теманы түшүндүрүү** | **Сабакка көңүл буруучу оюн өткөрөт же кырдаал түзөт.**<br>**Жаңы теманы баяндап түшүндүрүп берүү**<br>Портрет.<br>Портрет төмөндөгүдөй топторго бөлүнөт:<br>Автопортрет – бул адамдын өзүн-өзү күзгүдөн карап тарткан сүрөтүн айтабыз. Белгилүү адамдардын өзүн күзгүдөн карап тарткан сүрөттөрүн көрүп жүрөбүз. Алсак, Леонардо да Винчи, М. С. Пушкин, Г. Айтиев ж. б. Топтолгон адамдардын портреттери-мында бир нече адамдардын портрети чогуу бир учурда аткарылат. Мисалы: Г. Айтиев менен Ж. Кожахметовдун чогуу тарткан «Акындар» деп аталган топтук портрети бар. Бул сүрөттө кыргыз элинин улуу залкар инсандары бир сүрөткө атайын топтолгон. Белгилүү инсандар: Мыскал Өмүрканова, | **Оюнга же талкууга катышышат. Суроолорго жооп беришет. Суроо беришет. Жаңы тема боюнча маалыматтарды алышат жана иш жүргүзүшөт.** | **Жеке баалоо, калыптандыруучу баалоо** |

Scanned by TapScanner

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Ыбрай Туманов, Ысмайыл Борончиев, Гапар Айтиев ж. б. тартылган. Ал эми дубалга Токтогул Сатылгановдун алкактагы портрети камтылган. Бардыгы ар түрдүү абалда, столду айланта уй мүйүз тартып отурган учуру чагылдырылган. Кайталангыс чыгарманы көрүп туруп белгилүү инсандардын мүнөзүндөгү, бет түзүлүшүндөгү абалын, кулк-мүнөзүнүн өзгөчөлүгүн жана аны толуктаган кийген кийимдеринен, кыймылдарынан, жашаган доорун даана, так көрө алабыз. Бул картинада түстөрдүн ыргагы да жакшы сакталып берилген.<br><br>Сүрөтчүлөрдүн чыгармалары. Портрет тартууда адамдын бет түзүлүшүндөгү пропорцияны гана туура сактап ирээттүү иштебестен, адамдын жалпы ошол мезгилдеги көз-карашын, мүнөздүк абалын туура, максаттуу бериши сүрөтчүнүн чеберчилигине жараша болот. Портрет тартууда адамдын кайсы доордо жашагандыгын анын чач жасалгасынан, кийиминен, колдонгон аксессуарынан, зер буюмдарынан байкай алабыз.<br><br>Практикалык иштөө: Мугалим портрет тартууда адамдын башынын формасын таап, андан кийин гана бет түзүлүштүн пропорциялык бөлүнүшүн ирээттүү, доскага көрсөтүп, балдар менен бирдикте иштөөсү шарт. Мугалим доскага, ал эми | | |

Scanned by TapScanner